## Билим берүүнүн көрсөткүчтөрү

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин №1529/1 буйругунун негизинде Базистик окуу планы боюнча окутуу орус тилинде жүргүзгүлгөн класстарда жумалык жүктөмү 1315 саат, окутуу кыргыз тилинде жүргүзгүлгөн класстарда жумалык жүктөмү 238 саат, класстан тышкаркы ийримдер үчүн 4 ставка каралып, жумалык жүктөм мугалимдерге адистиктерин жараша бөлүштүрүлүп берилген.

Жыл башында жалпы окуучулардын саны -1953, анын ичинен кыздары-988, ал эми эркек балдары-965. Мектепке даярдоо классында -30, башталгыч класстарында -968, орто класстарында 856, жогорку класстарында -99 болду. Мектептин мугалимдери бүгүнкү күндүн талабына ылайык жаңы технологияны колдонуп, чыгармачылык менен сапаттуу сабактарды өтүүдө.

2020-2021-окуу жылында англис тили мугалими Джолборсова Айнура Акматовна “Жыл мугалими ” кароо сынагынын райондук туруна катышып “Жылдын мыкты санарип мугалими ” номинациясына ээ болгон.

2019-2020-окуу жылында бология мугалими Рахманова Айымпаша Орозбековна даярдаган 11 “А” класссынын окуучусу Алимова Арууке биология предметинен Республикалык олимпиаданын женүүчүсү болгон.

2020-2021- окуу жылында биология мугалими Козалова Камола Тахиржановна “Жыл мугалими” кароо сынагынын зоналдык турунда II-орунду ээлеген.

2020-2021-окуу жылында тарых мугалими Бакирова Айкөкүл Жанышовна “Жылдын мыкты класс жетекчиси” кароо сынагынын райондук туруна катышып III-орунду ээлеген.

2020-2021-окуу жылында англис тили мугалими Джолборсова Айнура Акматовна “Заманбап мугалим” онлайн конкурсуна катышып сертификат жана төш белги менен сыйланган.

2021-2022-окуу жылында кыргыз тили мугалими Карабаева Севара “Акылдуу мектеп жана мугалим” долбооруна онлайн катышып сертификат жана баалуу белектер менен сыйланган.

2021-2022-окуу жылында башталгыч класстардын мугалими Абдувахапова Мохичехра Саипжановна “Сабактын мыкты планы ” конкурсунун областтык турунда 2 –орунга ээ болгон.

Спорт боюнча Сабиров Уктам Камилжанович баскетбол (кыздар, балдар) командасы менен, Сатаров Өскөн волейбол командалары менен Мектеп лигасында райондон 1-орунга жетишип, областтык денгээлде 2 –орунга жетишкен.